Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№25 [16983] ИШЕМБИ, 27/09/2025

## Сооронбай Жусуевдин 100 жылдык мааракеси белгиленди




3-бетте

## МЫЙЗАМСЫЗ АКЧА АЛМАШУУ ОПЕРАЦИЯЛАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮНҮН КЕСЕПЕТТЕРИ



4-бетте

## Кыргыз- Ата айыл өкмөтүндөгү арбын ийгиликтер



5-бетте

## "Кекилик-Учар бейити" өткөн заманды эске салып турат"



6-бетте

## ОШТОГУ ООМАТТУУ ОҢДООЛОР



7-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1191**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Мамлекеттик тил күнү белгиленди



Ош облусунда "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамынын кабыл алынган күнүнө арналган облустук салтанаттуу жыйын болуп өттү.

Иш-чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов, аппараттын бөлүм башчылары, Президентке караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын уюштуруу иштери бөлүмүнүн башчысы Кутмырза Жакыбалиев, райондук мамлекеттик администрациялардын жетекчилеринин орун басарлары, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, облустук мекеме-уюмдардын жетекчилери жана жогорку окуу жайларынын окуучулары катышты.

Жыйынды Талантбек Арстанкулов ачып, ыйгарым укуктуу өкүл Эльчибек Джантаевдин атынан катышуучуларды Мамлекеттик тил күнү менен куттуктап, мамлекеттик тилдин коомдук турмуштагы жана улуттар аралык мамиледеги маанисин белгиледи.



Өз сөзүндө Кутмырза Жакыбалиев мамлекеттик тилди санариптештирүү багытындагы иштерге жана мыйзамдык-укуктук негиздерине токтолуп, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө салым кошкон бир катар кызматкерлерге Улуттук комиссиянын сыйлыктарын тапшырды.

Жарыш сөзгө чыккандар мамлекеттик жана жергиликтүү органдарда иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү өркүндөтүү, кызматкерлерди такай окутуу маселелерине көңүл бурду.

Жыйындын соңунда мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошкон кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамоталары тапшырылды.

# Социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын чоң жыйындар залында өкүлдүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаевдин төрагалыгы астында кеңири жыйын болуп өттү.

Иш-чарада облусунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн учурдагы абалы талданды жана 2025-жылдын январь–сентябрь айларынын жыйынтыктарына даярдык маселелери каралды. Жыйынга район акимдери, облустук мекеме-ишканалардын жетекчилери жана айыл өкмөт башчылары катышышты.

Кеңешменин негизги максаты — үстүбүздөгү жылдын тогуз айындагы экономикалык көрсөткүчтөрдү жакшыртуу, өсүү темпин камсыз кылуу жана тармактар боюнча иштердин сапатын жогорулатуу болду.

Жыйында өнөр жай тармагынын абалы, жаңы ачылган ишканалардын ишмердүүлүгү, инвестиция тартуу динамикасы, салыктардын жыйналышы, айыл аймактарынын дотациядан чыгуу мүмкүнчүлүктөрү жана турак жайларды камсыздандыруу маселелери талкууланды.

Анын жыйынтыгында тиешелүү жетекчилерге так тапшырмалар жүктөлүп, көрсөткүчтөрдү жакшыртуу жана кемчиликтерди жоюу боюнча ыкчам чараларды көрүү милдеттендирилди.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева.**

**Прокурордук көзөмөл**

# Мамлекетке келтирилген зыяндар өндүрүлдү

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 1-жарым жылдыгында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде КР Башкы прокуратурасынын тармактык буйруктарын, көрсөтмөлөрүн жана коллегиялардын чечимдеринде көрсөтүлгөн милдеттерди жетекчиликке алуу менен жигердүү иштер жүргүзүлгөн.

Мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө иши мамлекеттин мыйзамдуу талаптарын коргоого артыкчылык берилип, мамлекеттик менчикке жана бюджеттик каражаттарга кол салуунун ар кандай түрлөрүнө каршы күрөшүүгө, коррупцияга каршы аракеттенүүгө, мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө мыйзамдуулукту камсыз кылуу менен мыйзам бузуулардын реалдуу жоюулусуна багытталган.

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 1-жарым жылдыгында мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча жалпы 11 текшерүүнүн жыйынтыгы менен ченемдик-укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө 7 сунуш жана 5 талап келтирилген. Алардын кароосунун жыйынтыгы менен мамлекетке келтирилген 70 751 173 сомдук зыян акчалай түрдө жана 36 228 000 сом натуралай түрдө кайтарылган.

**Б.Алыкеев,**
**Кыргыз транспорттук прокурорунун улук жардамчысы.**

# Сооронбай Жусуевдин 100 жылдык маарекеси белгиленди

**Өткөн дем алыш күндөрү КР Баатыры, КР Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, белгилүү алп акын Сооронбай Жусуевдин 100 жылдык маарекеси өзү туулуп өскөн Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Кайың-Талаа айылында белгиленди. Ага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 1-орун басары Курбанбек Айтибаев, ЖК депутаттары С.Өмүрзаков, Э.Токтошев, А.Исраилов, Ч.Султанбековалар, илимпоздор, маданият кызматкерлери, акын-жазуучулар жана айыл тургундары катышты. Мааракe улуттук спорт оюндары жана ырчы-чоорчулардын шаңдуу музыкалары менен коштолду.**

















## Эскерүү иш-чарасынан

Алгач акындын атын алып жүргөн "Сай-Талаа" орто мектебинде эстелиги ачылып, гүлчамбар коюлду. Андан соң конокторго арналып тигилген боз үйлөрдүн курчоосундагы сахнада салтанаттуу аземс башталды.

Сахнадагы экрандан калемгердин өмүр баянын чагылдырган кыскача тасма көрсөтүлүп, акындын өмүрүнүн урунттуу учурларын чагылдырган көркөм постановка коюлду.

Иш-чарада "Кара-Кулжа" коомунун К.Токтосартов баштаган өкүлдөрү сөз сүйлөп, акчалай сыйлыктарын жана акындын 100 жылынан турган ыр китебин тартуулашты. Бул күнкү салтанатты акындын сөзүнө жазылган обондуу ырлар көркүнө чыгарды.

Ошондой эле улуу акындын чыгармачылыгы, улуттук адабияттагы орду жана элине калтырган мурасы кеңири чагылдырылды. Мындан сырткары, ат чабыш, кыз куумай, эр эңиш, көк бөрү, тогуз коргоол, күрөш сыяктуу улуттук оюндар уюштурулуп, жеңүүчүлөргө байгелер тапшырылды.

Катышуучулар Сооронбай Жусуевдин өмүр жолу менен чыгармачылыгы жаш муундарды мекенчилдикке, адеп-ахлакка жана улуттук баалуулуктарды ыйык тутууга үндөрүн белгилешти.

## Өмүр баянынан кыскача

Акын Сооронбай Жусуев 1925-жылы 15-майда Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Кайың-Талаа кыштагында туулган. Ал Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Айыл мектебин бүтөрү менен 18 жашында армияга алынып, 1943–1945-жылдары Панфилов атындагы 8-гвардиялык дивизияда байланышчы болуп кызмат өтөп, майданда эки жолу жарадар болгон.

Согуштан кайтып келип, 1946–1947-жылдары Совет (азыркы Кара-Кулжа району) райондук «Коммунизм үчүн» гезитинде жооптуу катчы болуп иштейт.

1947–1949-жылы Ош мамлекеттик мугалимдер институтунда окуп, анын кыргыз тил жана адабият факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

1951-жылы Ош облустук «Ленин жолу» гезитинин редакциясында бөлүм башчы болуп иштеген.

1951–1956-жылдары Москвадагы М.Горький атындагы Адабият институтунда окуган.

С.Жусуев 1957–1959-жылы «Ала-Тоо» адабий көркөм журналынын башкы редактору, «Чалкан» журналында жооптуу катчы, 1960–1986-жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзунун аппаратында адабий кеңешчи болуп иштеген.

С.Жусуев 2016-жылы 4-февралда каза болуп, маркумга арналып мамлекеттик ырасымдар өткөрүлүп, сөөгү Бишкектеги "Ала-Арча" көрүстөнүнө коюлган.

## Акындын чыгармачылыгы

Сооронбай Жусуевдин алгачкы "Алдыга жүргүн, кыргыздар!",-деген ыры 1943-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыяланган. Алгачкы «Эмгек күүсү» аттуу ыр жыйнагы 1950-жылы басмадан чыккан. Андан кийин акындын 30дан ашык китеби жарык көргөн. Анын 70тен ашык ырларына музыка жазылган.

Ал Шекспирдин, Пушкиндин, Лермонтовдун, Абайдын, Мактумгулунун, Омар Хайямдын, Маяковскийдин, Есениндин, Гамзатовдун ж.б. акындардын ырларын чебер которгон.

Кыргыз адабиятын өнүктүрүүдө сиңирген зор эмгеги үчүн 1981-жылы «Кыргызстандын Эл акыны» деген ардактуу наам берилип, 1986-жылы персоналдык пенсия дайындалган. 1990-жылы Москвадагы "Воениздаттан" чыккан «Моя жизнь» деген ыр китеби үчүн Бүткүл союздук А.Фадеев атындагы сыйлыктын лауреаты болуп, алтын медаль алган. 1998-жылы «Кыргызстандын Эл агартуусунун отличниги», ошол эле жылы «Казакстандын эмгек сиңирген кайраткери» деген наамга татыктуу болгон.

Жусуевдин 1994-жылы басмадан чыккан «Курманжан датка» аттуу ыр менен жазылган романы үчүн 1998-жылы Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган.

Кан майдандагы жана көп жылдык чыгармачылык жемиштүү эмгектери үчүн С.Жусуев биринчи даражадагы Ата-Мекендик согуш ордени, үчүнчү даражадагы «Манас» ордени, «Каармандыгы үчүн», «Даңк» медалдары, Кыргыз, Украина, Саха-Якут Республикаларынын Жогорку Кеңештеринин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Бишкек жана Ош шаарларынын ардактуу атуулу, Ош мамлекеттик университети жана Кыргыз-Өзбек Эл аралык университеттеринин ардактуу профессору.

Кара-Кулжа районундагы Сай-Талаа кыштагындагы орто мектепке, Кара-Суу районундагы Жар-Ооз кыштагындагы орто мектепке Сооронбай Жусуевдин аты ыйгарылган.

2005-жылы интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюму (ВОИС) чыгармачылык ийгиликтери үчүн аны Алтын медаль менен сыйлаган.

Президенттин 2007-жылдын 13-февралындагы Жарлыгы менен улуттук маданият казынасына, кыргыз элинин руханий байлыктарын өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн, ага «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку артыкчылык даражасы «Ак шумкар» өзгөчө белгисин тапшырылган.

**А.Каракозуев.**

# МЫЙЗАМСЫЗ АКЧА АЛМАШУУ ОПЕРАЦИЯЛАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮНҮН КЕСЕПЕТТЕРИ

**Бүгүнкү күндө дүйнөлүк экономика глобалдашып, ар бир мамлекеттин каржы рыногуна түздөн-түз байланыш түзүп жатат. Кыргызстан да бул процесстен четте калган жок. Туристтердин, мигранттардын агымы көбөйүп, чет элдик товарлар менен кызматтарга болгон суроо-талап жогорулады. Натыйжада валюталык операциялар, башкача айтканда акча алмаштыруу - күнүмдүк керектөөнүн бир бөлүгү болуп калды. Ошол эле учурда мыйзамсыз, башкача айтканда мамлекеттик көзөмөлдөн тышкары жүргүзүлгөн акча алмаштыруу фактылары дагы кеңири таралууда. Айрым адамдар бул көрүнүштү «кадимки эле нерсе» катары кабыл алып, «бир аз арзан курс менен акча алып жатсак эмне болот?» деп ойлошот. Бирок, лицензиясыз шартта жүргүзүлүп жаткан акча алмаштыруу бир гана каржылык пайда табуу эмес, ал мамлекеттин улуттук коопсуздугунун, экономикалык туруктуулугунун жана жарандардын жеке кызыкчылыктарынын коркунучуна алып келет. Төмөндө ошол кесепеттерди кеңири калыпта талдап, конкреттүү мисалдар жана сунуштарды беребиз.**



## Экономикага тийгизген зыяндары

1. Валюта курсуна таасири. Мыйзамсыз алмаштыруу улуттук валютанын курсуна олуттуу зыян келтирет. Базардагы суроо-талап менен сунуштун калыптануусуна таасирин тийгизет. Эгер базардагы суроо-талап менен сунушту мыйзамдуу банктар жана алмаштыруу жайлары эмес, кара базар аныктап баштаса, улуттук акчанын наркы туруксуз болуп калат. Бул болсо баалардын тез-тез өзгөрүшүнө жана инфляциянын күчөшүнө алып келет.

2. Мамлекеттик бюджетке тиешелүү төлөмдөр түшпөй калат. Расмий эмес операциялардан салык жана башка төлөмдөр алынбайт. Демек, мамлекеттин казынасы миллиондогон сомдон кол жуйт. Натыйжада мамлекетке түшкөн салыктык кирешелер төмөндөйт, ал социалдык программалар, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана башка инфраструктурага берилүүчү каражаттарга таасир этет.

3. Инвесторлордун ишенимине доо кетирет. Эгерде, өлкөдө акча алмаштыруу тартиби толук көзөмөлгө алынбаса, чет өлкөлүк жана жергиликтүү инвесторлор экономикага ишеним артпай калышат. Бул өндүрүштүн, жаңы жумуш орундардын ачылышына терс таасир берет.

## Коомдук жана социалдык кесепеттер

Мыйзамсыз акча алмаштыруу коомдун бардык катмарына таасирин тийгизет.

Криминалдык чөйрөнүн күчөшү. Акчанын айланышын көзөмөлсүз калтыруу уюшкан




кылмыштуу топторго пайдалуу. Алар өз кирешелерин көбөйтүп, мыйзамсыз иштерди каржылоону жеңилдетишет.

• Жарандардын алданышы. Шылуундар жасалма же жалган купюраларды, туура эмес курсту пайдаланып, карапайым адамдарды алдайт. Көбүнчө айыл жергесиндеги, каржылык билим деңгээли төмөн жарандар жабыркайт.

Технологиянын өнүгүшү менен мыйзамсыз алмашуунун жаңы ыкмалары пайда болууда: Telegram-каналдар, мессенджер билдирүүлөрү жана жасалма жарнамалар аркылуу жеке жактар менен түздөн-түз алмашуу уюштурулат. Улуттук Банк жана жергиликтүү медиа мындай ыкмалар коопту экенин, көп учурда буларга катышкан адамдардын, анын ичинде кылмыштын элементтери болушу мүмкүн экенин жана жарандар мессенджер аркылуу сунушталган «жакшы курс» болуп көргөн сунуштардан алыс болуу керектигин эскертишет.

• Социалдык теңсиздик. Мыйзамды сактаган ишкерлер менен мыйзам бузган адамдардын ортосунда теңсиз шарттар жаралат. Натыйжада ак ниет ишкерлер зыян тартып, адилетсиз атаандаштык күчөйт.

## Жарандар үчүн коркунучтар

Мыйзамсыз акча алмаштырууга барган адам ар дайым тобокелдикке туш болот. Укуктук жоопкерчилик. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, лицензиясыз валюталык операция жүргүзүү административдик жана кылмыштык жоопкерчиликке алып келет. Айып пул салынат, зарыл болсо камакка алуу да каралган.

1. Каржылык жоготуу. Алдамчылардын колуна түшүп, жалган акча алып калуу же курстан чыгым тартуу - бул кеңири тараган көрүнүш.

2. Коопсуздук маселеси. Мыйзамсыз акча алмаштырган жерлерде ар дайым коопсуздук чаралары сакталбайт. Көп учурда акча уурдалып же тартып алынышы мүмкүн.

## Улуттук коопсуздук маселеси

Валюта рыногунун мыйзамсыз иштеши өлкөнүн ички коопсуздугуна түздөн-түз таасир этет.

• Акча жүгүртүү коркунучу. Уюшкан кылмыштуу топтор мыйзамсыз каналдар аркылуу кирешелерин «тазалап», расмий акчага айланта алышат.

• Терроризмди каржылоо. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, мыйзамсыз валюталык операциялар көп учурда террордук уюмдардын акча агымдары менен байланышкан.

• Чет өлкөгө каражат чыгаруу. Эгер, акча расмий каналдар аркылуу эмес, мыйзамсыз жолдор менен четке чыгып турса, мамлекет өз ресурстарынан айрылат.

## Алдын алуу жана коомдук маалымдуулук

Мыйзамсыз акча алмаштырууга каршы күрөштө мамлекеттик органдардын гана эмес, жалпы коомдун да жоопкерчилиги чоң.

• Маалыматтык кампаниялар. Жарандарга мыйзамсыз алмаштыруу менен байланышкан коркунучтар тууралуу кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлүшү зарыл.

• Каржылык сабаттуулукту жогорулатуу. Мектептерде, университеттерде жана жумуш орундарында атайын тренинг семинарларды өткөрүү пайдалуу.

• Технологияны колдонуу. Банктар жана төлөм системалары ыңгайлуу мобилдик тиркемелерди сунуштап, элдин расмий каналдарга болгон ишенимин арттыруу зарыл.

## Эң жөнөкөй практикалык сунуштар

1. Акчаны ар дайым лицензиясы бар алмаштыруу бюролорунан же коммерциялык банктардын жана алардын алмаштыруу жайларына гана кайрылыңыз.



2. Чек же квитанция талап кылууну адатка айлантыңыз. Бул сизди кийин талаш-тартыштан коргойт.

3. Мыйзамсыз акча алмаштыруу субъектилери аныкталган учурда тийиштүү укук коргоо органдарына же Улуттук банктын Ош облустагы башкармалыктарына кайрылуу зарыл.

Ушуга байланыштуу суроолорго жооп алуу үчүн Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгынын атайын коомдук кабылдамасына кайрылыңыз. Байланыш телефондору: (03222) 4-84-63, 4-83-92.

# КЫРГЫЗ- АТА АЙЫЛ ӨКМӨТҮНДӨГҮ АРБЫН ИЙГИЛИКТЕР

**Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айыл өкмөтүн Ракишев Мирлан Кубанычбекович жетектөөдө. Ал мектепти аяктаган соң, Советтик соода техникумуна тапшырып, аны ийгиликтүү бүтүргөн. Ошондой эле КР ИИМнин академиясын аяктаган. Мекен сакчылыгында аскердик кызматын өтөгөн. Эмгек жолунда сот аткаруучу, Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгында милиция кызматкери болуп иштеген. 2003- 2004 жылдары Англияда билимин өркүндөтүп, англис тили боюнча билим алат. 2010 -2013 жылдары Ноокат районундагы Таш -Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу, 2013 -2018 жылдары аталган айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеди. 2023 -жылы Ноокат районундагы Бел айыл өкмөтүнүн башчысы болуп дайындалат. 2024-жылдын башынан тартып Кыргыз -Ата айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштөөдө. Көп жылдык эмгеги үчүн райондук, облустук деңгээлдеги Ардак грамоталарынын жана Алкыш каттарынын жана башка сыйлыктардын ээси болду. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун мыктысы төш белгисинин ээси.**

**Үй бүлөлүү. Өмүрлүк жубайы менен үч кызды тарбиялап, өстүрүшүүдө.**

## Салык жана салыктык эмес жыйымдар

Белгилесек, Кыргыз-Ата айыл өкмөтүн 2025-жылдын 6 айына карата салык жана салык эмес жыйымдарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн такталган жалпы планы 19 156,3 миң сомду түзөт, ал эми аткарылганы 20 560,9 миң сом жана 107,3% ды түздү. Башкача айтканда, такталган бюджеттен 1 404,6 миң сомго ашыкча аткарылган.

## Билими берүү, маданият жана социалдык тармак

Билим берүү тармагына токтолсок, 2024-2025-окуу жылынын II жарым жылдыгында 5 орто, 3 мектеп-гимназия, 1 башталгыч мектепте 381 мугалим 4369 окуучуга билим беришти, 21 инклюзив окуучу үйлөрүндө окушту. Бул окуу жылында облустук предметтик олимпиадада 1-орунду камсыз кылган К.Каримов атындагы орто мектебинин 11-классынын окуучусу Орозалиева Чыныгүл Мариповна химия сабагынан республикалык олимпиадага катышып келди. Ал эми “Ак-Булак” мектеп-гимназиясынын 10-классынын окуучусу Анарбеков Алпэрен облустук олимпиадада математика сабагынан 3-орунду алды.

Аялуу катмар тууралуу айтсак, айыл аймагында 2025-жылы 12 жалгыз бой карды-картандар каттоого алынган. 716 адамден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген 2025-жылдын 6 айында айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин соцжардам бөлүмүнөн ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз болгон жарандарга, Ооган согушунун ардагерлерине 213,0 миң сом акча каражаты смета боюнча максаттуу жумшалды.

Андан сырткары айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 5 баланын 10 күн эс алуусу үчүн Чыңгараев атындагы балдар эс алуу лагерине 42500 сом (ар бир балага 8500 сом) акча которулуп, балдар эс алып келишти. 3 бала Ысык-Көлдөгү “Алтын



балалык” эс алуу борборунда эс алууга барышты. Кыргыз-Ата айыл аймагында бүгүнкү күндө 70 жаштан өткөн 532 карыя бар, анын ичинен бир аял 106 жашта. Айыл аймагы боюнча жалпысы 2549 пенсионер бар.

Жалпысы 3483 кожолук бар, 2025-жылдын 1-июлуна карата 292 үй-бүлө (1180 бала) мамлекеттик жөлөкпул алат, бул жалпы кожолуктун 8,5 % ын түзөт. 2025-жылга 67 жөлөкпул алган үй-бүлө социалдык контракттын негизинде 150000 сомдон социалдык жардам алат, бүгүнкү күнгө карата 42 үй-бүлө алды.

21-февраль- Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүнө карата маданият кызматкерлери, китепканачылар жана таланттуу жаш калемгерлер менен биргеликте “Тилибиз биздин - дилибиз” аттуу иш-чара өткөрүлдү.

Айыл аймактагы кыз-келиндер арасында “Дени-сак эне- өнүккөн өлкө” аттуу спорттун волейбол түрү боюнча мелдеш өткөрүлдү. Жеңүүчү командаларга акчалай сыйлык жана дипломдор тапшырылды.

Кыргыз-Ата айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин 10-11 класстарынын кыздарынын ортосунда 8-март- Аялдардын эл аралык күнүнө карата элибиздин үрп-адат, каада-салтын кеңири жайылтуу, кыргыз айымдарынын сулуулугун, аруулугун даңазалоо, жаштарыбызды адептүүлүккө, ыймандуулукка, жана маданияттуулукка тарбиялоо, кыздарыбыздагы акылгөйлүктүн, сулуулуктун, наздуулуктун үлгүлөрүн көрсөтүү боюнча “Кыргыз-Ата периси 2025” кароо-сынагы өткөрүлдү. 8-март -Аялдардын эл аралык күнүнө карата”Аялзат дүйнө тиреги” аттуу иш-чара уюштурулуп, айылдагы ардагер аялдарга жана Баатыр энелерге маданият кызматкерлери тарабынан концерттик программа тартууланып, айыл өкмөттүн бюджетинин эсебинен белектер берилди.

Көтөрмө маданият үйүндө Кыргыз- Ата айыл аймагындагы билим берүү мекемелеринин 9-10 класстарынын окуучуларынын арасында “Башканы коюп Манасты айт” аттуу темада Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас айтуу өткөрүлдү. Мындан башка да бир катар иш- чаралары жүзөгө ашырылды.

## Айыл чарбасы

Кыргыз-Ата айыл аймагында жалпысы 2345,5 га айдоо жер бар. 2025 - жылында айыл чарбада 1675 га жер аянтына кылкандуу дан эгиндери эгилип,орточо түшүмдүүлүк суулууда 36 центнер/га, кайракыда 11,5 центнер/га болуп, жалпысы 3449 тонна кылкандуу дан жыйналып алынды. Картошка 400 га аянтка, жүгөрү 180 га аянтка эгилди. Жашылча 79 га аянтка өстүрүлүп, түшүмдүүлүк 201 ц-ганы түзүп,1587 тонна жыйналып алынды.

Учурда Кыргыз-Ата айыл аймагында 1380 ден ашык майда дыйкан-фермердик чарбалар бар, үлүштүк суулуу айдоо жерди көп жылдык бак аянттарына айлантуу жылдан жылга күчөп барууда. Айыл аймагы боюнча ушул күнгө 35 гектардан ашык үлүштүк суулуу айдоо жерлери көп жылдык бакка айланып кетүүдө.

Ошол эле мезгилде суулуу айдоо жерге күздүк, жаздык буудай себүү иш аракеттери жылдан жылга кыскарып барууда. Бул жагдай “Азык - түлүк коопсуздугун” жаратууда өзүнчө ойлонуп, биргеликте чечүүчү маселе .

Жерди туура пайдалануу учурдун эң актуалдуу маселелердин бири бойдон калууда. Келечек экологиялык таза продукция өндүрүүгө багыт алууда. Ошол себептен айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө дыйкан-фермердик чарбалар өз иштерин ушул нукка буруусу бүгүнкү күндүн талабы.

## Инвестициялар жана аткарылган иштер

Борко айылында ички жолдорго шагыл төгүп, тегиздөө үчүн тендер жарыяланып, жакынкы күндөрү Манас-Ата, Ш.Акмаматов, К.Эркебаев, К.Сулайманов көчөлөрүнө ташылып келүү алдында турат. Т.Матраимов атындагы көчөгө 600 метр аралыка таза суу ишканасынан, көчөнүн жашоочуларынан, өкмөттөн акча каражат бөлүнүп таза суу түтүгү тартылды. С.Аттокуров атындагы көчөнүн жашоочулары 45 миң сом акча жыйнашып, түнкү жарыктандыруу онотулду




А.Мурзаев көчөсүндөгү №1044 КТП утурумдук ремонттон өтүп Ноокат РЭТтин балансына өткөрүлүп берилди. К.Коконбаева балдар бакчасына 8 даана видеокөзөмөл орнотулду

Ал эми Ак-Булак айылынын “Ой” мааласындагы көпүрө салынды элдик салым менен, айыл өкмөтүнүн бюджетинен 80 000 сом жумшалды. “Ой” мааласындагы жана Токмок-Булак участкалык селканалар тазаланды, бюджеттен 220 000 сом сарпталды. Аттокуров Татал көчөсү толук жарыктандырылды. Миң Манас көчөсү кеңейтилип, бак-дарактардан тазаланып, шагыл төгүлдү, көчө элдик салым менен жарыктандырылды. Эргешов Орозалинин үйүнүн алдындагы жабык жол ачылып, кеңейтилип, шагыл төгүлдү, көпүрөлөр коюлду. Айдаралиев Мурат атындагы көчө кеңейтилип, элдик салым менен 50 000 сомго шагыл төгүлүп, жол тегизделди, көчө жарыктандырылды. Ак-Булак айылынын Э. Жолдубаев жана Каранов Нурбай атындагы көчөлөрү, аларды кесип өткөн туура көчө жана Сыдыков Чөжөн көчөсүнүн көрүстөн тарабына кеткен бөлүгү асфальталып, пайдаланууга берилди.

Кара-Кой айылына караштуу “Шивели” участкасына Логистикалык борбор курулууда. Кара-Кой жолунун айыл өкмөтүнө караган бөлүгүн асфальттоо боюнча 3,5 км. тегиздеп, кеңейтип, көчүрүү иштерин жүргүзүп, сел өтүүчү шакекчелер коюлуп, асфальт басууга даяр турат.

Кара-Кой жолунун “Шамшаалы” дарыясына кошумча түтүк-шакекчелери коюлат, айыл өкмөт тарабынан 100 000 сом, демөөрчүлөрдөн 300 000 сом каралып жатат, калган бөлүгүн Ноокат ДЭП ишканасы бүтүрмөкчү. Таш-Булак жана Кара-Таш айылдарындагы кылкандуу дан эгиндери өз убагында оруп-жыйналды.

Ыксыз ырым-жырымдарды кыскартуу максатында алып барылып жаткан иштердин натыйжасында, Орозо Айт, Курман Айт майрам күндөрү борбордук стадиондо айылдын ар жылы туулган жигитери тарабынан 600 000 сомдук иш-чаралар уюштурулуп, спорттук мелдештер, куран жарыш, ысык тамак уюштурулуп, жаш балдарга балмуздактар таратылып берилди.

Жарты-Дөбө жаңы участкасына Ноокат РЭС тарабынан 250 КВТ болгон трансформатор, 4 даана жогорку чыналуудагы электр мамычалары, электр зымдары менен биргеликте коюлуп берилди. Сами атындагы көчөнүн жашоочулары тарабынан көчөсүндөгү электр мамычалары, линиялары менен кошо алмаштырылууда, жалпысынан 60 000 сом акча каражаттары чогултулган

Көтөрмө айылындагы ГСВ Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан капиталдык ондоодон өткөрүлүп, имараттын айланасындагы жолдор айылдагы спонсорлор тарабынан асфальтталып, пайдаланууга берилип, иштеп жатат.

Жеке ишкер Назарбаев Турсунбай 1 500 000 сомдун тегерегиндеги авто унаа жуучу жайын ачып, азыркы күндө иштеп жатат жана авто унаа оңдоочу жайы да ачылып, 4 адам жумуш менен камсыздалды.

Кыргыз-Ата айыл ичиндеги 40 майда көпүрөлөр алмаштырылды. Сурма Абдыразакова көчөсү элдик салым 2497000 сом, айыл өкмөттөн 2000 000 сом жана республикалык бюджеттен 4500 000 сом каржыланып, асфальттоо иштери башталуу алдында турат. Темиров Парпи атындагы көчөсүнө асфальт басуу максатында кеңейтүү иштери жүрүп жатат. Кара-Кой айылына карап кеткен жолдун 3 км. аралыгы асфальтталып, жол кеңейтилди, бак-дарактарды кыюу иштери жүргүзүлдү.

**Бурма Ысакова.**

**УКМКнын ардагери, отставкадагы полковник Марксбек ТЕМИРАЛИЕВ:**

# "Кекилик-Учар бейити" өткөн заманды эске салып турат"

**Бир кездеги кең жайык бул дөбөнү камыш басып, таштанды ташталып, эч ким карабай калган. Убагында камыштуу бул дөбөдөн пырр-пырр этип кекиликтер учуп турчу дейт. Тээ 1930-1953-жылдары Куршаб аймагында Эски-Покровка түрмөсү болуп, андагы өлгөндөрдү эч кимге билгизбей ушул жерге көөмп турган экен. Айтымдарында, бул жерден тирүү жан аз чыккан дешет. Ким билсин?...**

**Бул окуя өткөн жылы дайын болду. Бир кездери ошол жерде иштеген, учурдагы ардагер аксакалдардын айтуусу менен, окуянын чоо-жайы УКМКнын отставкадагы полковниги Марксбек Темиралиев аркылуу, УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиевге жеткен. Камчыбек Ташиев тез арада эле тактап, "Кекилик-Учар бейити" деп атап, эстелик тургузду. Бүгүн бул жерге адамдар келип, куран окуп, өткөн замандын каардуу окуяларын эстеп, эскерип кетип жатышат.**

Мен дагы бардым. Менин чоң атам Айдар да түрмөгө түшүп, ошол бойдон кайтпай калган. Чоң атам балага зар болуп жүрүп, "Баламдын "ыңаа" – деген үнүн угуп өлсөм арманым жок эле" – дечү экен. Бирок аттиң, атам, чоң энемдин ичинде кезинде, баласынын "ыңаа" – деген үнүн укпай, зар какшап абакка кетиптир. Атам, паспорту боюнча 1928-жылы, энемдин айтымында 1932-жылы алашалбырт мезгилде (жаз айларында) төрөлгөн экен, демек чоң атам ошондогу каардуу замандын курмандыгы болгон. Чоң энем: "Чоң атамды Ош тарапка алып кеткенин, кийин түрмөдөн чыгып келатып, Сулайман-Тоонун алдында каза болуп, ошол жерге көмүлгөн экен" – деген божомолун айтчу. Ким билет? Ал кездин чындыгын азыр билиш кыйын. Каар заман далай адамдарды какшатып, зарлатып, муңкантып кетти...

Ал кезде араба, атчан, жөө-жалаң жүрүшчү. Түрмөгө түшкөндөрдү Кара-Кулжадан Ошко жөө алып келүү да кыйын болгон. Менимче, Кара-Кулжа, Өзгөн, Сузак аймагындагыларды дал ушул Куршаб түрмөсүнө эле алып келишсе керек деп божомолдодум...

Баса, дал ушул "Кекилик-Учар бейитинин" табылышына, ачылышына себепкер болуп калган Кыргыз Республикасынын УКМКсынын ардагери, отставкадагы полковник Марксбек Темиралиев менен маек курдум.

**- Биз билгенден "Кекилик-Учар бейитинин" ачылышына себепкерлердин бири болуп калдыңыз. Бул маселе кантип көтөрүлдү, кимдер көтөрдү?**

- Элибизде сөз бар эмеспи, "Жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска" – деген. Анын сыңарындай бул жөнүндө кеңири айтып берейин. Урматтуу окурмандар, жалпы эле элибиз ушул маселени кимдер көтөрүп чыкканын, Өзгөндөгү "Кекилик-Учар бейити" кантип курулуп калганын толук жана так билиши абзел.

Учурда Бишкек шаарында Койчуман Мокешов аттуу аксакал жашайт. 90 жашка чыгып калды, күүлү-күчтүү, сүйлөшсөң акыл-насаатын айтып, кеп-кеңешин берип, кызыктуу маек куруп берет. Бул адам өткөн кылымдын 60-жылдарынын ортосунан баштап пенсияга чыкканга чейин республикабыздын түштүк-түндүгүндө мал чарба тармагындагы кызматтарда жетекчи болуп көп жыл иштеген. Убагында Өзгөн районунда азыркы Кызыл-Октябрь аймагынын ордунда ЮКОС (Южная киргизская опытная станция) деп орусча аталган чарба болгон. Кыргызчага которгондо Түштүк кыргыз тажрыйба станциясы деп айтылчу. Койчуман Мокешов 1968-1975-жылдары ошол ЮКОСтун жетекчиси болуп иштептир. Маалымат катары айтып кетейин. Өткөн кылымдын 1930-1953-жылдарында азыркы Эски-Покровка айылында Куршабдын түрмөсү деп аталып калган колония болуптур. Бул түрмөдө ар кандай себептер менен түштүк жергесиндеги көптөгөн мекендештерибиз камалып, көпчүлүгү дайынсыз жок болуп кеткен. ЮКОСто иштеген жылдары Койчуман аксакал улуу муундагы адамдардан түрмөдөгү болгон каргашалуу окуялар жөнүндө жашыруун маалыматтарды угуптур. Жергиликтүү тургундар үчүн бул тема жабык болгон. Ушул себептен Куршаб түрмөсү тууралуу билгендерин Койчуман Мокешов буга чейин эч кимге айтпай жүргөн.

Анан Койчуман аксакал былтыр, 2024-жылдын май айында, Ош шаарында жашаган, кезинде Өзгөн районунда жетекчи кызматтарда чогуу иштешкен замандашы, мамлекеттик жана коомдук ишмер Орозбек Акимбаевге кайрылып, көп жылдардан бери жүрөгүн ооруткан, эч кимге айталбай жүргөн, көзү өтүп кетсе билинбей жабылуу бойдон кала турган Куршаб түрмөсү тууралуу сырын айтып, аны тийиштүү органдарга билдирбесек болбойт дейт. Орозбек Акимбаев бул маалыматты Өзгөн районунун ардагерлер кеңешинин төрагасы Каныбек Эргешовго айтып, иликтеп көрүүсүн суранат. Каныбек Эргешов Эски-Покровка айылына барып, тегеректеги айылдардан аксакалдарды чогултуп, Куршаб түрмөсү тууралуу маалыматтарды сураштырып, абактагы өлгөндөрдүн сөөктөрү жашыруун түрүндө "Кекилик-Учар" дөбөсүнө көмүлүп турганын аныктап, андан кийин 2024-жылдын 20-июнунда мага телефон чалып: "Бул тууралуу 2-3 адам эле билет. Эмне кылабыз, жогорку жактагы бийликке кантип кабарлайбыз", – деп кеңеш сурады.

Каракол шаарында болгонума байланыштуу, июнь айынын аягында Өзгөнгө бараарымды айтып, ошондо жеринен жолугуп бул маселени талкуулап, кеңешели деп макулдаштык. Убада боюнча 30-июнда Куршабга барып Каныбек Эргешов баш болгон тегеректеги айылдардан келген аттуу-баштуу 5 аксакал, айыл өкмөтүнүн башчысы Алмазбек Амирбеков менен жолуктум. Алардын айтуусу боюнча Куршабдагы түрмөдө түштүк жергесиндеги бардык райондордон ар кандай себептер менен айыпталган адамдар камакта болгон. Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин 1950-жылдардын ортосунда түрмө Фрунзе тарапка көчүрүлгөн. Аксакалдардын айтуусунда Эски-Покровка айылы менен коңшулаш Кызыл-Октябрь айылынын ортосунда "Кекилик-Учар" деген дөбө жайгашкан. Түрмөдө өлтүрүлгөн адамдардын сөөктөрүн түн ичинде ат кошулган шаты араба менен ташып, ошол жерге көөмп турушкан. Ал жерде атайын казылган жайлар болгон.

Өзгөндөгү аксакалдар менен жолукканымды видеого, сүрөткө тартып, алар берген маалыматтарды чогултуп алып 4-июлда Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы, генерал-полковник Камчыбек Ташиевдин кабыл алуусунда болуп, толугу менен айтып бердим. Бул тууралуу даярдап келген билдирүүмдү, сунуштарымды келтирип, тартып келген видеону, сүрөттөрдү өзүнө тапшырдым.

**- Сиз берген маалыматты Камчыбек Ташиев кандай кабыл алды, ал кишиге кандайдыр бир жаңылыктай болгон жокпу?**

-Суроонуз абдан орундуу болду. Биз азыр сөз кылып жаткан маселе буга чейин деле айтылыптыр. Журналисттер жеринен



репортаж кылып телеканалдардан көрсөтүшүптүр, аны мен кийин интернеттен көрдүм. Бирок, кыргыз элинин тарыхындагы болуп өткөн бул каргашалуу окуялар тууралуу маалымат мамлекетибиздин жетекчилерине жетпептир. Камчыбек Ташиевдин кабыл алуусунда болгонумда, өзүнүн Ташы чоң атасы дагы ушул түрмөгө камалып, качан, кайсы жерде дайынсыз жоголгонун айтып берди. Буга чейин атасы, атасынын эжелери, Жалал-Абаддан Өзгөндүн түрмөсүнө (анда Куршаб түрмөсү деп айтылчу эмес го) 3 жолу барганбыз, деп айтышчу экен. Акыркы, 3-жолу барганда, "Атаңар өлгөн, мындан ары келбегиле", – деп түрмөнүн кызматкерлери айткан экен.

Камчыбек Ташиев ошол өткөн окуяны эскерип, мен айткан маалыматка олуттуу маани берип, саясий чечим кабыл алып, маселени токтотпой мамлекеттик деңгээлде, тез аранын ичинде чечебиз деп убадасын берди. Көп узабай 1-орун басары генерал-лейтенант Рустам Алайбекович Мамасадыковду Өзгөнгө жиберип, адистер менен жеринен эмне жумуштар жасала турганын аныктап, жергиликтүү бюджеттен 1 млн. сом бөлүнөт. Ош облусунун, Өзгөн районунун, Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн жетекчилери, жоопту кызматкерлери, УКМКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча Башкы башкармалыгынын, Өзгөн районундагы бөлүмүнүн жетекчилери, кызматкерлери эстеликтин курулганына чоң жардам беришти.

2024-жылдын 11-ноябрында комплекстин ачылыш аземи Камчыбек Ташиевдин катышуусу менен өттү. Ага Ош облусунун губернатору, Өзгөн районунун акими, республиканын ар кайсы жерлеринен келген ардагерлер катышты.

**- Сиз айткан бюджеттен бөлүнгөн 1 миллион сом Мемориалдык комплекстин курганга жетиптирби?**

-Жо-ок. Бул 1 миллион сом Кекилик-Учар дөбөсүн, анын айланасын тазалаганга гана жумшалды. Эмне үчүн дегенде, Кекилик-Учар дөбөсүнүн жалпы аянты 8 гектар 80 сотых жерди ээлеп, тегеректеги айылдардын ортосунда жайгашкан. Ушул себептен көп жылдардан бери таштандыларды төккөн жайга айланып калыптыр. Айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын апрель айында атайын кабыл алган токтому менен ал жерге таштандыны төгүүгө тыюу салынган. Төгүлгөн таштандылардын көлөмүн элестетип көрсөңүздөр, жанагы жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилген 1 000 000 сом толугу менен сарпталып, 800гө жакын КамАЗга жүктөлгөн таштанды чыгарылган. Ал эми эстеликтин өзүн куруута кеткен каражатты демөөрчүлөр каржылап, 3 жарым айда Мемориалдык комплекс курулуп бүттү.

**- Аксакалдар эмнеге сизге, коопсуздук кызматынын ардагерине кайрылышты?**

-Суроонузга байланыштуу дагы бир нерсеге токтолуп кетейин. 1990-жылдан баштап эгемендүү мамлекет болууга бет албадыкпы. Быйыл 34 жыл болду, эгемендүү мамлекет катары таанылганыбызга. Ушул жылдардын аралыгында Чоң-Таштагы "Ата-Бейиттен" саясий репрессиянын курмандыктары болгон жарандарыбыздын сөөктөрү табылды. Эми мына Кекилик-Учар дөбөсүндө көмүлгөн аталарыбызга Мемориалдык комплекс курулду. Ушул эки окуянын ортосунда бир окшоштук бар. Экөө тең Совет доорунда жашыруун тема болуп, эч бир жерде ал жөнүндө ачык айтылбаган сыр болуп кала берген. Бирок, "кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет" дегендей, бул окуяларды билген адамдар айтып чыгышты. Бүбүйра Кыдыралиева дагы, Койчуман Мокешов, Өзгөндөгү аксакалдар дагы билген маалыматтарын мамлекетибиздин коопсуздук органдарына кайрылып айтып жатышат. Мунун өзү эмнеден кабарлайт? Эгемендүү Кыргызстандын Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы Конституциядагы өзүнө жүктөлгөн негизги милдеттери менен катар өлкөбүздүн тарыхында кара так болуп калган окуяларды дагы ачыкка чыгарып жатат. Демек, элибиз мамлекетибиздин коопсуздук органдарына өзгөчө ишеним артуууда.

**-Аныңыз туура, бирок эмнеге аксакалдар сизге кайрылышты?**

- Болбой эле суроону кабыргасынан коюп жатасыз. Жогоруда аты аталган Орозбек Кулмаматович Акимбаев менин агайым болот. Кезинде, 1940-жылдары, атам Ысык-Көлдөн Ош облусуна жолдомо менен барып 40 жылга жакын мугалимдик кесипти аркалап, жаш муундарды тарбиялаган. Мен Кара-Кулжа районунда төрөлүп, Өзгөн районунда чоңойдум, мектепти бүтүрдүм. 1969-жылы комсомолго өтүп, Орозбек Акимбаевдин колунан комсомолдук билетимди алгам. Ал киши райком комсомолдун 1-катчысы болуп иштеп турган убагы болчу. Көптөн бери ага-инидей болуп катышып, кабарлашып турабыз. Ал эми Эргешов Каныбек Эргешович, 2021-жылы Өзгөн шаарынын бир көчөсүнө, көп жылдар бою Өзгөн районунда 1-катчы болуп иштеген ысык-көлдүк белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, марккум Жапаров Бейше Жапаровичтин аты берилсин деген демилге көтөрүп чыккан. Ушул демилгени ишке ашырууда экөөбүз таанышып, тыгыз байланышта болуп, ар тараптан көмөк көрсөтүп турдум. Балким ушул себептерден Кекилик-Учар маселеси боюнча мага кайрылса керек. Эң башкысы, Жараткандын буйруганы деп эсептейм.

**- Биз билгенден Куршаб түрмөсү жөнүндө маалыматтар жабык тема болуп, эч жерде айтылбаптыр. Бул тууралуу архивден маалыматтар табылдыбы?**

-СССРдин учурунда Куршабдагы абак жөнүндө эч бир жерде ачык айтылган эмес экен. "Кекилик-Учар бейитинин" ачылыш аземинде Каныбек Эргешов сүйлөгөн сөзүндө: "Мен Өзгөн районунда исполкомдун төрагасы болуп иштеп турсам дагы бул жөнүндө маалыматым болбоптур", – деп айтып жатпайбы. Кызыл Сеңир айылынын жашоочусу Абдыманап Зулумбеков, "Койчуман Мокешов аксакал ЮКОСту жетектеп турган учурда мен комсомол комитетинин катчысы элем. Бирок, Куршаб түрмөсү тууралуу эч кандай маалыматым жок болчу. Кийин эле, 90-жылдардан баштап бул жөнүндө аксакалдардан уга баштадык" – деп айтып берди.

**(уландысы кийинки санда)**

**Маектешкен: Керим АЙДАРОВ, «Кыргыз Туусу» (№ 60, 15.08.25-ж.)**

# ОШТОГУ ООМАТТУУ ОҢДООЛОР

**Эгемендүүлүктү алган жылдардын ичинде үч миң жылдыгы бар ордолуу Ош шаарыбызда анча мынча гана оңдоо иштери жүргүзүлгөнү болбосо азыркыдай масштабдуу иштер болгон эмес тура. Жалпы жонунан алганда 2025-жылдын башталышынан шаарга жаңы иш билги, жан дүйнөсүнөн уюштургуч, иштерман, билимдүү, жасай турган ишине көсөм мамиле кылган Жеңишбек Токторбаевдин шаарга мэр болуп келиши менен реалдуу иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келүүдө.**



Калаа башчысынын уюштуруучулугу, мээнеткечтиги анын кызмат оордундагы алгачкы күнүнөн эле байкалгандыгы азыркыга чейин темпин жаза элек. Ал кол алдындагы командасы менен мэриядагы иш стилди түп тамырынан бери өзгөртүүгө жетише алды. Азыр иш бөлмөлөрдө аппарат кызматкерлеринин чиновниктик мүнөздө сүр көрсөтүүсүн, күтүүчүлүк мүнөздөгү иш стилдерин практикалык иш жасоого буруландыгы жылдын башталышынан эле сезилди. Шаар жетекчиси Ош калаасынын булуң-бурчтарына чейин түрө кыдыруунун натыйжасында карамагындагы кызматкерлерге жеринде тапшырмаларды катуу талапта берүү менен кыска убакытта тагыраагы жети айдын жүзүндө албан-албан ийгиликтерге жетише алды. Натыйжада шаардын баардык тармактарында жандуу чындыка жакын иштер жүз берди. Алгачкы рейддер жасайбыз деген иштер жеринде чукул жасоого муктаж экендигин сезген иштерман мэр жумуштарды, алдыга койгон пландарды күтүүсүз тез арада чечүү максатында өлкө башчысына ачык кайрылуу менен ири суммадагы каражаттарды шаар түзүмүн учур талабына ылайык келтирүү максатындагы иштерге сарптоону өлкө президентинен ынанымдуу сурануунун натыйжасында чече алгандыгы жасала турган иштерге чоң стимул болду. Алынган каражатка алгач шаардын бардык сферасына керектүү заман талабындагы техникалар, керектүү шаймандар чарбалык иштерди аткарууга керектөө максатында азыркыга чейин алынып келүүдө.

Жылдын башталышындагы шаардагы мыйзамсыз курулуштарды мыйзамдаштыруу, аларды шаардын архитектуралык облигине түспөлдөштүрүү иштеринин негизинде өз алдынча мыйзамдан аттап өтүү менен курулган объектилерди "сносттоштурууну" мыйзам чегинде жүргүзүүнүн жүзүндө чоң-чоң ийгиликтерди жарата алгандыгы менен калаа тургундарынын кадырлоосуна жетише алды десек аша чапкандык болбос. Аталган иштин натыйжасында шаардагы кенен-кенен көчөлөр, тротуарлар, жашыл тилкелер оңдолду. Жылдын башталышынан бери эле калаада сексен чакырымдан ашык жолго асфальт төшөлгөн. Шаарды аралай өткөн сугат чоң арыктардын, каналдардын жээктери бүтүндөй тазалануу менен тартипке келтирүү иштери уланууда. Ушундай иштердин таасиринде облустук оорукананын төрүнө чейин базар болуп кеткен ашкана, соода сатык күркөлөрү толук алынып азыркы учурда кооз жүзүн берди. Ошол эле кыргыздын алгачкы генерал-лейтенанты Ысакбек Монуевтин көчөсүнө салынган жол курулушу бүткөрүлгөнү шаарга жаңы көрк берди. Курманжан Датка чоң көчөсү алты тилкелүү абалга келтирилүү менен жаңыдан асфальт төшөлдү. Ушул эле багыттагы иштер Калинин, мурдагы кирпич заводунун багытындагы жолдордо да улантылды. Мындан сырткары, Ак-Буура дарыясынын жээгиндеги мыйзамсыз курулуштар алынып, шаардын түштүк-чыгыш тарабынан илгерки борбордук базарга чейин улантылып келүүдө.

Мындай иштер шаардын баардык аймагында орун алып жатышы алдыда дагы көп иштер бар экендигинен кабар берет. Азыркы учурда шаардын мурунку "Автотрест"-мекемесин жандай өткөн көчө да алты тилкелүү болуп батыш тарапка улантылууда. Мындай иштер шаардын Батыш кичи шаарчасындагы Барсбек баатырдын айкелинин айланасындагы айланма жолго курулуучу эки кабаттуу түйүн чечме жолунун курулушу да кызуу темпте жүргүзүлүүдө. Эл суктана турган иштер "Ноокат" айланма жолун кеңейтүү багытындагы жолдо да тездик менен улантылууда.

Бул шаардагы иштердин жети ай ичинде жасалган чоң ийгиликтери десек болот. Иш бар жерде ийгилик болот деген ушул тура. Алдыдагы коюлган максаттар пландуу түрдө тез темп менен ишке ашырыла берсе шаар башчысы Жеңишбек Токторбаевдин жана анын жанында жүргөн командасынын таанымдуулугу мындан ары да эл тарабынан колдоого алынып, Оштогу ооматтуу иштердин улана беришинде чындык бар десек ашыкчылык эмес.

**Б.Абдыкадырова,**
**Ош шаары.**

## Жарыялар

### Акционерлер жыйыны

АООТ «Кара-Суу Авторемзавод» Сиздерге 2025-жылдын 22-сентябрында саат 11:00дө Кара-Суу шаары, Нурахунов көчөсү 274 дарегинде жайгашкан АООТ имаратында өткөн кезексиз жалпы акционерлер жыйынынын чечими тууралуу маалымдайт.

Күндөлүк тартип:

Кворум – 83,78%.

1. Эсеп комиссиясын шайлоо: жактап – 100% добуш.
2. Прокуратурадан келген катты карoo: каршы – 83,78% добуш.
3. 2025-жылдын 8 айы үчүн директордун каржы-чарба ишмердүүлүгү боюнча отчетун бекитүү: жактап – 100%.
4. 2025-жылдын 8 айы үчүн дивиденддерди бөлүштүрүүнү бекитүү: жактап – 100%.

Киреше – 2 300,8 миң сом.
Чыгаша – 1 479,0 миң сом.
Пайда – 821,9 миң сом.
Бир акцияга – 10 сом.
Тизмеге киргизилүү күнү – 2025-жылдын 1-августу.
Төлөп берүү күнү – 2025-жылдын 22-сентябры

5. Ишкананын унаасын аткаруучу директордун менчигине өткөрүп берүүнү бекитүү: жактап – 100% добуш.

***

АООТ «Карасу Авторемзавод» извещает Вас о решении внеочередного общего собрании акционеров 22 сентября 2025 года в 11.00 часов по адресу: г. Карасу , ул. Нурахунова 274 в здании АООТ со следующей повесткой дня:

Кворум-83,78%.

1. Избрание счетной комиссии:За-100% голосов.
2. Рассмотрения Письма из прокуратуры: Против-83,78% голосов.
3. Утвердить -Отчет директора о финансово-хозяйственной деятельности за 8 месяцев 2025 года:-За-100%.
4. Утвердить – Распределение дивидендов за 8 месяцев 2025 года За-100%, Доход за 8 месяцев-2300,8 тыс.сом.

Расход-1479,0 тыс.сом
прибыль-821,9 тыс.сом.
На одну акцию 10 сом. День списка 1 августа 2025 года. День выдачи 22 сентября 2025 года.

5. Утвердить передачу автомобиля предприятия в собственность исполнительному директору: За -100% голосов.

### Сынак жарыяланат

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети төмөнкү кызмат орундарына сынак жарыялайт.

| № | Кызмат орундун аталышы | Кызмат орундун саны |
|---|---|---|
| | Информатика жана жаңы маалыматтар технологиясы кафедрасынын башчысы | 1 орун |
| 2. | Жогорку математика жана математиканы окутуунуну усулу кафедрасынын башчысы | 1 орун |
| 3. | Англис тили жана аны окутуунун усулу кафедрасынын башчысы | 1 орун |
| 4. | Социалдык иштер жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы | 1 орун |

Кафедра башчысы кызмат орду үчүн талап кылынуучу документтер:

1) Ректордун наамына жазылган арыз.
2) Адистерди каттоо боюнча толтурулган өздүк баракча (сүрөтү менен).
3) Резюме.
4) Мурдагы иштеген жеринен мүнөздөмө-жолдомо.
5) Жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, окуу-методикалык куралдардын тизмеси.
6) Нотариус аркылуу же иштеген жеринде кадрдык кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн билими, окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы тууралуу дипломдорунун жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндөгү күбөлүктөрүнүн, сыйлыктарынын, эмгек китепчесинин көчүрмөлөрү. Конкурска арыз берүү мөөнөтү жарыя чыккан күндөн баштап 1 (бир) ай. Байланыш үчүн телефон: 0777 74 79 50.

### Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Көчөрбаев Базаралы Төрөкановичке таандык болгон ИНН 21106197200696 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

2016-жылы ОшМУнун медицина колледжи тарабынан Тоокебаева Асель Таалаевнага берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Сынак жарыяланат

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Ноокат районунун балдар–өспүрүмдөр спорт мектебинин директору бош кызмат орунуна сынак жарыялайт.

Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы;
2. Жогорку билимдүү, (дене тарбия же педагогика адистигине артыкчылык берилет).
3. Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу
4. Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу
5. Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдарды, Жоболорду, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү.

Конкурска катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат;

1. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын конкурстук комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;
2. Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;
3. Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген
жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);
4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин
башкармалыгы тарабынан тастыкталган);
5. Өмүр баян (кол менен жазылган);
6. Резюме
7. Паспорттун же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти конкурска келгенде көргөзүлөт);
8. Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулаткандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;
9. Соттолбогону жөнүндө маалымкат;
10. Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу кун ичинде Ош шаары, Карл Маркс көчөсү №1 дарегине тапшыруу зарыл.

Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35. Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат. Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, конкурска чакырылбайт.

**Гезитибиздин бул санында таланттуу акын кыздарыбыздын бири – Галдыбаева Нускайым Жолчуевна тууралуу сөз кылууну туура көрдүк.**

**Нускайым айым 1984-жылы 15-февралда Чоң-Алай районунун Ачык-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. Он бир тууганды сегизинчиси болгон акын кыз чыгармачылыкка болгон сүйүүсүн ата-энесинен мурастап алган. Атасы комузда кол ойнотуп, жамактап ырдаса, апасы назик үнү менен мукамдуу обондорду созолонто ырдаган таланттуу болгон экен. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары ар кайсы кесипти тандап кетсе да, Нускайым айым маданият тармагын тандап, бүгүнкү күндө чыгармачылык жолунан тайбай келе жатат.**



# Үмүттү ырга айланткан акын кыз

Анын ырларында сезим, өмүр, үмүт жана тагдыр сыноолору терең чагылдырылган. Анын «Баратам даба издеп» аттуу ырында оорудан жапа чеккен акындын жашоого болгон бекем ишеними, борборго үмүт арткан сапары сүрөттөлөт. «Сезим гүлдөрү» жана «Атыңды ырга жашырдым» деген ырларында махабат темасы, жүрөктүн назик толкундануусу көркөм берилет. Ал эми «Мезгил агымы» чыгармасы өмүрдүн ачуу чындыгын, адамдын жашоодогу изденүүсүн чагылдырат. Ошондой эле «Ак халатчандарга» аттуу ыры аркылуу акын айым дарыгерлерге болгон терең ыраазычылыгын ыр саптарына кошуп, коомдук темага да кайрылганын көрөбүз.

Галдыбаеванын чыгармаларынын негизги багыты — сүйүү, үмүт, адамдык баалуулуктар жана коомдук турмуш. Ырларындагы сөздөр жөн гана кооз саптар эмес, жашоонун терең маани-маңызын ачып берген ой толгоолор. Анын ырлары окурмандарды ойго салат, рухании дем берет жана жашоону дагы да сүйүүгө үндөйт.

Эмесе, Нускайымдын калемине таандык поэзиянын сыйкыр дүйнөсүнө сүңгүйлү.



### Атыңды ырга жашырдым

Өмүрдө мынча, сезбепмин чындап жаз демин,
Өзүңдү таптым, өмүрдү анан аз дедим.
Өзүңсүз кантип, өткөргөн экем мезгилди,
Өрүктөр гүлдөп, өмүрдө далай жаз келдим.

Мен бүгүн, чындап кадырын билдим жазымдын,
Мен үчүн дайым, гүл болуп ырлар жазылгын.
Менин да, чындап сүйүүгө акым бар чыгаар,
Мен сүйгөн жардын, атын жазга жашырдым.

Мен сүйгөн үчүн, бирөөдөн неге жашынам,
Мен анын атын, жүрөккө жаздай жашырам.
Мемиреп жылдыз, каптаса жаздын асманын,
Мен аны бачым, көрүүгө дайым ашыгам.

### Ак халатчандарга

Ак халатчан ага - эже, жеңелер,
Ачык айтсам силерге ким теңелээр.
Айыктырып, ооруулары ар качан,
Алга карай сүзө берсин кемеңер.

Ак халатта аруу, аппак тазалык,
Алкыш айтып, жан дүйнөбүз тазарып.
Айыктырдың далай катуу оорудан,
Азыр ушул күнгө жетип жашадык.

Алкышым бул, ырым болсун силерге,
Ак ниеттик, мээрбандык силерде.
Ак халатчан майрамыңар кут болсун,
Ак ниетти, мендейлер көп тилээрге.

### Сезим гүлдөрү

Мен да быйыл, өрүк сыңар гүлдөдүм,
Сезим жылып, сен деп мына гүлдөдүм.
Сезсең болду, сен деп бүрүн ачканын,
Сага айтуудан, көз алдыңда сүрдөдүм.

Ошондуктан, гүлүң болуп бүрдөдүм,
Өзүң танда, гүл бүрүнүн түрлөрүн.
Өмүр чиркин, өтөөрү чын байкалбай,
Өкүнчүңдү кийин айтып жүрбөгүн...

### Баратам даба издеп

Сырттагы көрүнүш кооз терезеден,
Айланып кетсем боло теребелден.
Колумду карга малып, ушүтөйүн,
Жараткан! тургуз мени керебеттен.

Силерде кесиптештер менин оюм,
А, бирок, үйдө жатат тулку боюм.
Таң атып, канча кечтер кирип жатат,
Тагдырдын сыноосуна сунуп моюн.

Кыялым силер менен ырдап жүрөт,
Кылгырып үйдө жатам сыздап жүрөк.
Боюмду тик көтөрө басаармын деп,
Борборго сапар алдым, үмүт сүйрөп.

Баратам басуу үчүн даба издеп,
Туулган жер, сага таштап бир ыр тизмек.
Жымжырттык күндөрүмдү артка таштап,
Жыттаармын, кайра келип, гүлүң искеп...

### Мезгил агымы

Чынын айтсам, турган кезде буулугуп,
Чыгып жатам, азаптардан суурулуп.
Чыны ушул, чырмалышкан сезимдер,
Чынын айтсам, жүрөгүмө туу сунуп.
Мөмөлөрү бышып барат мөлтүрөп,
Махабаттын балы тамып туптунук.

Барам улам, бир сезимге арбалып,
Бала сыңар бараткансыйм торолуп.
Жыйып ичке жүрүптүрмүн азапты,
Жылдар бою, өмүр бекер королуп.
Жылмаюунун гүлүн тере баштадым,
Жылуу сөздүн жуурканын оронуп..

### Үзүлбөгөн үмүт

Босогодо, жаздын үлп деп илеби,
Эшик аттап, мына- мына киреби.
Жазды ушунча, күткөндүгүм сагынып,
Жаз да мени, аяр карап билеби.

Көлкүп ээрип, барат аздап ак кар да,
Куштар конуп, кабар берет шактарда.
Даңазалап, жаздын айтып келээрин,
Дары себет, жүрөктөгү тактарга.

Терезеден мен куштарга үңүлөм,
Дагы жакшы кабар угам үнүнөн.
Теңиримдин колдоосу деп билемин,
Тересиң дейт, чуркап талаа гүлүнөн.